**Китепкана - маалымат коомундагы балдардын билим алуучу жана өнүгүүчү заманбап куралы**

*Иманкулова Б.*
*Кочкорская районная детская библиотека*
*Кыргызстан*

Коом өзгөрүлуп, кылымдан кылымдарды жаңырткан сайын адамдардын аң - сезимин. жашоо - тиричилиги өзгөруп келүүдө. Кандай кылымда, кайсы доордо жашабайлык адамзат үчүн бала чоң байлык, ырыс деөлөт. Бала үчүн кам көрүү милдети мамлекет үчүн да, адамдар үчүн биринчи орунга туруп келген жана келе берет.

Китепкана - биздин руханий байлыгыбыз, себеби биздин элибиздин басып өткөн жолун, доорлор менен кошо көчүп, үзүлбөй уланып келе жаткан үрп - адатын, салт - санаасын, маданий, рухий кенчине ак чокулуу Ала - Тоосу менен, Айкөл Манасын ак калпагы менен, булут көмген ак чокулардай ак элечегин жана башка маалыматты биз китептерден, басма кагаздардан гана алабыз. Бул өткөн доорду гана чагылдырбастан. биздин күндөлүк турмушубузда керектелип жана келечегибизде ошондой эле биздин жаш муундардын келечегине дангыр жол ачкан алтын барактар, аны аздектеп, көздүн карегиндей сактаган китепкана жана андагы иштеген ки гепканачылар болуп эсептелет. Ошондуктан жаш муундардын келечекке руханий байлыкка ээ билимдүү, көптү билген адам болуп жетилишине балдар китепканасы өзгөчө ролго ээ.

Азыркы учурда балдар китепканасы 3 бөлүмдөн турат.

- окуу бөлмөсү;
- үйгө китеп берүү абоненти;
- кенже балдар үчүн бөлмөсү;

Китепканада бир жогорку жана бир атайын билимдүү китепканачылар иштейбиз. Балдар китепканасынын китеп фондусу 12000 нускага жетти.

Адамзаттын жүрөгүнөн акыл оюунан жаралган далай эмгектерди далай мезгилдер өтсө да урпактан - урпакка сактап ушул күигө жеткирип келген билим казнасы – китепканалар.

Биздин балдар китепканасы да түптөлгөндөн бери эчендеген замагшин оош кыйышын тартып, балдар учүн өзүнүн вазийпасын аткарып келет.

Илим, билим, акыл адам баласына ыйгарылган өзгөчө бир дөөлөт. Демек билим адам үчүн соолбос булак жана бакыт ачкычы экени кылымдардан бери айтылып келе жаткан галашсыз чындык. Билимдин булагы ар түрдүү. Айлана чөйрө, коом, турмуш.

Кенже жаш курагында балдар сезимтал болушат, жаш өспүрүм курагында калыптанпш сапаттар анын кийинки жашоосуна өмүр бою таасир этет. Мугалимдер, ата - энелер жана китепканачылар жаш муундарды ар дайым билим алууга үндөп жана багыттоо менен ийгиликтерге шарт түзө алабыз.

Сөз берметинен жаралган жомоктор, дастандар, легендалар, илим иштери балдар үчүн руханий азык. Балдар руханий азыкка канча сугарылса, ошончолук адамзатка, коомго чоң пайда келтирээри шексиз. Демек жаш муундардын эртеңки бакубат жашоо турмушу, жаркыраган келечеги учүн, өлкөбүздүн мамлекеттүүлүгүн чындоо багытында балдар китепканасында «Кыргыз мурастары кылымдарга», «Мекеним менин Кыргызстан», «МАНАС - түбөлүктүү мурас», «Биздин байлыгыбыз - жаратылыш», «Санжыра кыргыз элинин тарыхы», «Акыл дүйнөсүнө саякат», «Эне тилим - эне сүтүм», «Эл ичи - өнөр кенчи», «Жылдын мааракe ээлери», «Угуттуу улуттук программалар», «Чынгыз Айтматов кыргызды дүйнөгө таанытты», «Жаңы багыт учур талабы» ж.б. темаларда китеп көргөзмөлөр, адабий кечелер, библиографиялык обзорлор, альбом, плакаттар уюштурулуп турат.

Н. Жүндүбаева атындагы орто мектептин окуучулары менен бирдикте «Улустун улуу күнү» аттуу майрамдык кече өткөрдүк.

Балдар китепканасына жанаша жайгашкан райондун «Асель» балдар бакчасынын балдарына «Жомок артынан жомок», «Бөбөктер силер үчүн» деген темаларда аңгеме, угуза окууларды өткөрдүк.

«Китепкана сиздер үчүн», «Тамеки ден соолукка зыян» аттуу китспканалы плакат чыгарылган.

Ошондой эле балдар китепканасында «Камкор» деген ат менен райондун борборундагы китепканага келе албаган, мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды үйүнө журнал, китептерди алып барып тейлейбиз.

Базар экономикасынын оор шарты китепканаларга анын ичинен балдар китепканасына да таасирин тийгизбей койгон жок. Мурдагыдай китеп фондубуз толукталбай калды. «Сорос - Кыргызстан» фондусунан аз санда китеп алдык.

2007-жылы Кыргыз Республикасынын миграция жана жумушсуздук боюнча Мамлекеттик комитетинин төрайымы Рыскулова Айгүл Маратбековнага өтүнүч кат менен кайрылсам, Россия элчилигинен гуманитардык жардам катары орус класстарга 1000 нускадагы окуу китептерди беришти. Аны райондун борборундагы Н. Жүндүбаева, Калыгул Бай уулу, И. Арабаев, К. Кыдыралиев атындагы орто мектептерге берип, ордуна орусча, кыргызча адабий китептерди аддык. 1000 китеп болсо дагы балдар китепканасынын китеп фондусу толукталды.

Азыркы кездеги коомдо эң баалуу ресурстардын бири - маалымат. Дүйнөлүк масштабда XXI кылым билимдин, илимдин, гуманизмдин, информациянын, компьютердик технологиянын кылымы болгондуктан, окурмандарыбыздын да суроо талаптары жаңыча болуп калды. Ошондуктан эң негизги максатыбыз балдар китепканасынын учурдун талабына ылайык көркөм адабияттар менен толуктап жана жаңы стол, стулдар менен жабдып алуу максатында 2007-жылы Кочкор айылдык инвестициялык комитетине кайрылып, АРИС кичи долбоору аркылуу балдар китепканасының оккуу бөлмөсүнө 11 стол, 22 стул жана кенже балдар бөлмөсүнө жумшак эмерек алдык.

Дээрлик 30 жылдан ашык капиталдык ремонтгон өтө элек китеиканабызды 2008-жылы Кочкор айылдык инвестициялык комитетине кайрылып, АРИС кичи долбоору аркылуу 200 миң сомго капиталдык ремонт жүргүзүлдү.

Ошондой эле Маданият жана маалымат министри С. Раевге кайрылып, балдар китепканасына 100 000 сом бөлдүртүп жылуулук системасын орноттук.

Ошентип «аракет кылсаң берекет болот» дегендей, мурдагы жайдак көрүнгөн китепкана имараты гүлдөй жайнап, миңдеген окурмандарга кызмат кылууда. Жаркыраган мебель, столдор, стулдар окурмандардын табитине бап келип калды. Быйылкы жылы жогорудагы иш аракетибиздин жыйынтыгын баалап. «Ала-Тоо аймактары», «ЭлТР» теле берүүсүнө тартып кетип көрсөтүлдү. Теледен көргөн окурмандарыбыз өтө кубанычта болгондорун билдирип жатышат.

Албетте, жогорудагы аракеттерден кийин жаркыраган балдар китепканабыз мындан ары да өнүгүүсүнө анын маалымат борбору болооруна, окурмандардын эс алуучу жайына айланып, өнүккөн жаңы технологиялар менен жабдылган, бардык издеген мааалыматтар табыла турган китепкана болоруна толук ишенем жана бардык күч аракетимди аябайм.